**Жаз түнү**

**Сөзү**:Тынчтыкбек Нурманбетовдуку

**Обону** Атайбек Бөдөшовдуку

Аткаруучу:Каримов Султан

Бейпил түн.Теребелим жаз жыттанат,
Бейкуттук шаар койнун текши арбап.
Каректе кусалыктын оту жанат ,
Калса да кара көз кыз эчак уктап.

Жазгы түн жанга сүйкүм мемиреген,
Көңүлгө бүлүк салат удургутуп.
Капырай кандай жансың кенебеген,
Түйшөлүүнү койбогон бир толготуп.

Жаныма тынчтык бербей ойдолотуп,
Жазгы түн умсундурат,умсундурат.
Терметем түн бешигин тынчым
кетип,
Түйшөлүп миң мертебе ооналактап.

Билинбей жазгы түндүн жылдызындай,
Жылт учуп карегиңе корсом экен.
Тутантып сүйүү отун жүрөгүңө,
Түбөлүк өмүр жарың болсом экен